УДК: 398.5

Абдыкеримова А.Э.

К.Тыныстанов атындагы ЫМУ

# КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВДУН ДРАМАТУРГИЯДАГЫ ТАЖРЫЙБАСЫ

*Макалада К.Тыныстановдун XX к. 20-30-жж. жаңы түптөлүп келе жаткан кыргыз адабиятынын драматургия жанрындагы тажрыйбасы жана «Академия кечелери» чыгармасынын кейиштүү тагдыры тууралуу сөз болот.*

К.Тыныстанов – Октябрь революциясынын толкуну менен кыргыз элинин жалпы массасынан өөдө калкып чыккан интеллигенттеринин бири, улуттук жазма-чиймеге, басма сөзгө, агартуу ишине, тил илимине негиз салгандардын эң көрүнүктүүсү. Ошондой эле бул залкар инсан кыргыз көркөм адабиятын түптөгөндөрдүн көч башында турат. К.Тыныстановдун жалпы жаратмандык иш-аракетинде өзүнүн көзү тирүүсүндө да, репрессиянын курмандыгы болуп көз өткөн соң да көкбөрү болуп тартылып келаткан тарабы – дал ушул көркөм сөз жаатындагы мурастары болгону маалым. Ал учурунда поэзияда, прозада, драматургияда, поэтикалык котормодо өз күчүн сынап көргөн.

К.Тыныстанов өзүнүн чыгармачылык жолунда драматургия жанрына эки ирет: 1921-жылы жана 30-ж.ж. баш жагында кайрылганын окумуштуу Ч.Жаныбеков белгилеп кеткен [3: 252].

1921-ж эл арасында агитациялык-үгүт иштерин жүргүзүү зарылдыгынан «Алымкул» аттуу пьеса жаратkan экен, тилекке каршы, ал алгачкы пьесасы дайынсыз жок болуп кеткен. Ал эми 30-ж.ж. Кыргыз улуттук театрынын көркөмдүк деңгээлин жогорулатуу талабы жана бул багытта өкмөт тарабынан жарыяланган конкурс К.Тыныстановго драматургия жанрына кайрылууга түрткү берген. Мындай түрткүнүн негизинде жаралган «Академиялык кечелери» кыргыз театр өнөрүнүн тарыхында татыктуу орун ээлеп калгандын ордуна, жазылып, сахнага коюлгандан көп өтпөй «идеологиялык согуштун» урандылары астында көмүлүп, автору К.Тыныстановдун трагедиясынын тереңдешине салым кошкон.

К.Тыныстанов жогорудагы конкурс жарыяланган 1931-ж. Кыргыз драма театрында директор болуп иштеп калган, ошондуктан конкурска катышуу үчүн да, театрдын көркөмдүк деңгээлин көтөрүү үчүн да «Академиялык кечелерди» жазуунун үстүндө активдүү эмгектенген.

Жарыяланган конкурстун шарттары төмөндөгүдөй болгон: 1) турмуштук драма; 2) тарыхый драма; 3) турмуштук комедия; 4) автордун өзүнүн каалоосу менен тандап алган ар кандай сюжеттеги комедия же драма. Конкурстун шарты боюнча эң мыкты деп аныкталган төрт драмага сыйлык белгиленген. Ал эми конкурстун жобосун түзүүдө Касымдын канчалык тиешеси бар экени белгисиз.

К.Тыныстановдун идеясы боюнча «Академиялык кечелер» кыргыз элинин тарыхынын 3 доорун чагылдырып, 3 негизги максатты көздөгөн өз-өзүнчө 3 пьесадан туруш керек эле:

1) кыргыздардын байыркы доорлордогу турмушун чагылдырган пьеса;
2) феодализмден соода капитализмине өтө баштаган мезгилди сүрөттөгөн пьеса;
3) социализм орной баштаган учурду көрсөткөн пьеса.

Бул циклдин максатын искусство тап күрөшүнүн маанилүү куралы экенин көрсөтүү, кыргыз элинин тарыхындагы тап күрөшүнүн өнүгүүсүнүн олуттуу учурун чагылдыруу, жаңы турмуш үчүн күрөштө эмгекчилердин башкы куралы пролетардык искусство экенин көрсөтүү түзгөн.

Мындай зор жумушту кыска мөөнөттө ишке ашыруу жалгыз адамдын колунан оңой менен келбестиги түшүнүктүү. Ошондуктан К.Тыныстанов «Академиялык кечелер» пьесалар циклин жазуу үчүн К.Жантөшев, А.Сопиев, Ш.Көкөновдордон турган топ түзүп, бул ишти өзү жетектеген. Тилекке каршы, бул циклге кирген пьесалардын баштапкы

тексттери биздин күндөргө жеткен жок. Ар кыл маалыматтарды, Касымдын өзүнүн «Менин жолум, чыгармачылыгым, менин бетим» деген макаласын электен өткөрүү менен, 1-пьесага өзөк катары «Манас» эпосу алынган, 2-пьесада айтылуу Шабдан манаптын турмушунан бир келки чагылдырылган, 3-пьесада кыргыз жергесинде Совет бийлигинин орношунун бир көрүнүшү сүрөттөлгөн деген пикирлер айтылып келе жатат [10:185].

Азыркы учурда окурмандардын, изилдөөчүлөрдүн колуна тийип, окулуп жатканы – «Академиялык кечелер» циклинин «Көз көргөндөр» деп аталган 2-пьесасы. Ал «Капитализм доору» деп да аталып жүрөт. Маалыматтар, эскерүүлөр боюнча дал ушул пьесаны К.Тыныстанов өзү жазган. Тилекке каршы, азыр бизге белгилүү болгон бул пьеса да – оригинал текст эмес, орусча котормосунун кайра кыргызча которулушу. Орусчага которомо К.Тыныстановдун өзүнө таандык. Ал Кыргыз Эл Баатыры, залкар жазуучу, академик Т.Сыдыкбековдун өздүк архивинде канча жыл сакталып туруп, К.Тыныстановдун ысымын эч коркпой айтууга мүмкүнчүлүк түзүлгөндө гана ачыкка чыккан экен. Ал эми аны кайра кыргызчага З.Бектенов которгон. Пьесанын оригинал тексти сакталбаган соң, котормонун канчалык так экенин айтуу мүмкүн эмес.

Башына кара булут айлана баштаганда, К.Тыныстанов М.Горькийге кат жазып, жардам өтүнгөн жана кызыл камчы, идеолог-сынчылар коюп жаткан саясий-идеологиялык каталардын бар-жогун талдап берүү сураныччы менен циклдин өзү жазган 2-бөлүмүн орусчага которуп, кат менен кошо салып жиберген. Бирок М.Горькийден эч кандай жооп болбогонун К.Тыныстановдун жубайы Турдубүбү апа эскерген [9].

«Капитализм доору» же «Көз көргөндөр» пьесасы жанрдык белгиси боюнча «7 сүрөттөн турган тарыхый драма» катары мүнөздөлгөн. Анда Октябрь революциясы болор алдындагы кыргыз коомунун жашоо шарты кеңири чагылдырылган. Пьеса бир топ көлөмдүү, ар бир көшөгөсү бир нече көрүнүштөрдөн турат. Алсак, 1-көшөгө «Шабдан жана Кемел», «Мурдагылар жана жасоол», «Молдо жана Шабдан», «Шацкий жана Шабдан», «Жасоол, Токтор, Керимбек», «Молдо, Кемел жана мурдагылар», «Жасоол жана Шабдан», «Ырчы жана мурдагылар», «Молдо жана Шабдан» деген 9 көрүнүштөн, 2-көшөгөсү «Манаптар, бий, молдо, стражниктер, Ашымбай, Итибай жана Алым», «Асан, Иман жана мурдагылар», «Серкебай жана мурдагылар», «Мирзажан, Ашым жана мурдагылар», «Алешка, Аман жана мурдагылар», «Ажар, Андаш жана мурдагылар», «Нигмат, Метрей жана мурдагылар», «Керимбек, Иман жана мурдагылар» деген 8 көрүнүштөн турат. Ушул сыяктуу болуп 3-көшөгө 1 көрүнүштөн, 4-көшөгө 6 көрүнүштөн, 5-көшөгө 2 көрүнүштөн, 6-7-көшөгөлөр 2ден көрүнүштөн түзүлгөн.

Бул пьесанын тарыхый-таанымдык жана адабий баалуулугу анда кыргыз адабиятында эң алгачкы жолу эзүүчү таптын өкүлдөрүнүн өзүнчө бир галереясынын түзүлгөндүгүндө. Алар – өнүгүүнүн капиталисттик жолуна өтүп калган Шабдан жана анын балдары, мурдагыдай эле жашап, бирок соода-сатык мамилелерине өтө баштаган улуттук буржуазиянын алгачкы өкүлдөрү, байлар менен манаптар, орус самодержавиесинин чиновник-төбөлдөрү, кожо-молдолор, бай-манаптардын эшик ырчылары менен музыканттар. Алардын бардыгы эриш-аркак ымалаш, умтулуулары менен социалдык максаттары бирдей. Бирок пьесада так ошол күчтөрдү тарыхый аренадан чыгарып салуучу күч да көрсөтүлгөн. Ал – карапайым эмгекчил эл менен большевиктер партиясы. Пьеса: «Жашасын революция!» деген ураан-чакырыктар менен аяктайт. Ушул эле ой автордук ремаркада символикалуу түрдө мындайча билдирилген: «Кызыл нур куюлушуп түшөт, баары тең ага кол суна утурлашат».

Пьесанын алдына койгон максаты өтө кызыктуу болгонун А.Эркебаев белгилейт. Ал – тарыхты искусствонун көз карашы менен туюндуруу же болбосо, тарыхтын искусстводо чагылдырылышы. Маселен, бул пьесада Шабданды даңазалаган ырчы-чоорчулар бар. Элдик ырлар болсо, тескерисинче, эзилген эмгекчи элдин оор тагдырын, катаал турмушун, эзүүчүлөргө каршы күрөшүн чагылдырат. Кыскасы, пьеса формасы жагынан революциянын алдындагы кыргыз коомчулугунун турмушунун учурлары тууралуу бир нече сааттык театралдаштырылган көрсөтүү катары туюлат жана андан кандайдыр бир элге жат, коомго зыян идеяларды табуу кыйындыгын изилдөөчү көрсөткөн [10:185].

Бирок «Академиялык кечелер» сахнага коюлгандан көп өтпөй, 1932-жылдын 1-апрелинде БКП(б) Кыргыз обкомунун катчылыгынын жыйынында «Кыргыз улуттук театрындагы «Академиялык кечелер» жөнүндөгү» маселе каралган. Бул маселенин мындай жогорку деңгээлде талкууга алынышына «Академиялык кечелердин» элге көрсөтүлө башташына удаа эле гезит-журналдарда үстөккө-босток чыга баштаган сын макалалардын таасири тийген. Көп өтпөй «Правда» гезитине чыккан «Пролетардык интернационализмдин туусун жогору көтөрөлү», «Буржуазиячыл-кулактык улутчулдуктун калдыктарын акыр аягына чейин талкалайлы» деген макалалар К.Тыныстановдун тегерегиндеги чырды ого бетер ырбатып, кара булутту коюуланткан. 1933-жылдын мартындагы Кыробкомдун бюросунда «Правда» гезитиндеги макалалардын адилеттүүлүгү, К.Тыныстанов башында турган тап: А.Сопиев, Ш.Көкөнов, К.Жантөшевдер «Академиялык кечелердин» туусуна жашынып алып, театрдын сахнасында ачыктан-ачык улутчулдук пропаганда жүргүзүп, бай-манаптык идеологияны, феодалдык түзүлүштү кайра калыбына келтирүүгө аракеттенгендиктери белгиленген. Буга байланыштуу Кыробкомдун бюросу: «Манас» жана «Шабдан» пьесалары Кыргыз улуттук театрынын сахнасынан алынып салынсын, кыргыз адабияты тууралуу обкомдун мурдагы чечими боюнча өздөрүнүн улутчулдук жаңылыштыгы үчүн айыпталган Тыныстанов менен Көкөнов жолдоштор эгер мындан ары партиянын улут саясатынан кичине эле кыйшайып, жаңылыштык кетирсе, партиянын катарынан чыгаруу жагы эскертилсин, ал экөө каталыктарын мойнуна алсын» деген бүтүм чыгарган.

Жабылган жалаадан кутулуунун амалын издеп, каршылаштары койгон айыптарды туура деп мойнуна алып, жаңылган экем деп, жандалбаса түшсө да, К.Тыныстановдун абалы жеңилдемек түгүл, оордой берген. Акыры, К.Тыныстанов өзүнүн чыгармаларында, анын ичинде «Академия кечелеринде» контрреволюциячыл, улутчулдук идеяларды чагылдыруу менен бүлдүргүч иш жүргүзгөн деген айып, «Алаш-Ордо», «Социал-Туран» партияларынын мүчөсү болгон деген саясий айыптар анын ак жеринен жазага кириптер болуп, атылып кетишине алып келгени белгилүү.

**Адабияттар:**


1. Акматалиев А. Академические вечера К.Тыныстанова. /Китепте: Акматалиев А. Тандалмалар, 3-т. – Бишкек, 2002.
2. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. – Бишкек, 2004.
3. Джаныбеков Ч. Касым Тыныстанов: жизнь и творчество. – Бишкек, 2003.
4. Жаныбеков Ч. Касым Тыныстан уулу. – Бишкек: Бийиктик, 2006.
5. Жигитов С. Жашында жайраган жаркын талант. //Кыргызстан маданияты. -1991. - № 88.
6. Касым Тыныстан уулу. Адабий чыгармалар. – Бишкек: Адабият, 1991.
7. Касым Тыныстанов и отечественная культурная история XX в./ Материалы юбилейной конференции. – Бишкек, 2001.
8. Станалиев С. Тутулган айдын жарыгы же К.Тыныстановдун өмүрлүк жары Турдубүбү эне менен аңгеме./ Китепте: Мезгил. Окуялар. Тагдырлар. – Фрунзе: Мектеп, 1990.
9. Улут маданиятынын башатында. //Кыргыз туусу. -1991. -18-август.
10. Эркебаев А. Жаңы маданиятыбыздын көч башы. /Китепте: Касым Тыныстан уулу Адабий чыгармалар. – Бишкек: Адабият, 1991.